

Jesus Film Project®
A Cru Ministry

# Ыйсаны таанып билүү

***ЫЙСА*** **тасмасын колдонуп, жаңы миссионерлик коомчулугуңузду негиздөө**

Жаңы миссионерлик коомчулугуңузду негиздөө

# Ыйсаны таанып билүү

## Жаңы миссионерлик коомчулугуңузду негиздөө

*ЫЙСА* тасмасын адамдарды Ыйсага алып келүү үчүн, аларды ишенимде тарбиялоо үчүн, андан кийин ишенимдин жаңы коомчулугун негиздөө үчүн колдонгон Улуу Саякатка кош келиңиз!

v6.5

Jesus Film Project®
A Cru Ministry

Knowing Jesus

# Кудай сизди Өз падышалыгын куруу үчүн сиздин элиңиздин арасында өз тилиңизде таң калычтуу түрдө колдонгусу келет.

Элчи Жакан Аян китебинде мындай деп жазат:

[9] Ушундан соң, такты менен Козунун алдынан эч ким санай алгыс, санаса сан жеткис улуттардын, уруулардын, элдердин жана ар тилде сүйлөгөндөрдүн ар биринен чыккан, аппак кийим кийинишкен, колдоруна пальма бутактарын кармаган көпчүлүктү көрдүм. 10 Алар катуу үн менен: – Бизди тактыда олтурган Кудай менен Козу гана куткарып алды! – деп кыйкырып жатышты
(Аян 7:9-10, КЫКК)!

Бул көпчүлүктө дүйнөдөгү ар бир тилден жана ар бир улуттан кирген адамдар болот. Алар өз маданиятынын өзгөчөлүгүн чагылдырган тилдерде табынышат жана даңкташат.

Ыйса Матайдын Жакшы кабарынын акыркы аяттарында мындай деген:

[19] Ошондуктан барып, бардык элдерди [b] Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүрүп, Менин силерге буйругандарымдын баарын сактоого үйрөтүп, Мага шакирт кылгыла! Мына Мен акыр заманга чейин, бардык убактар да, силер менен бирге болом (Матай 28:19-20, КЫКК).

Ал бизге БАРЫП, шакирт КЫЛЫП, ҮЙРӨТКҮЛӨ дейт. Биз Анын осуятына баш ийсек, бул шакирттер ишенүүчүлөрдүн коомчулугунда же чакан тобунда эң жакшы өсөт.

***ЫЙСА* тасмасы – жакшы кабар таратуу үчүн эң жакшы курал. Сиз бул тасманы жакындарыңызга, үй-бүлөңүзгө жана досторуңузга көрсөтсөңүз болот, ошондо көптөр Ыйсаны ээрчүүнү каалайт жана куткарылат. Бирок сүйүктүү досторуңуз жана үй-бүлөңүз ишенимге келгенде, аларга Ыйса тууралуу жөн эле айтып койбостон Анын өмүрү, Анын окутуусу, Ал айткан ибараттар, Ал кылган кереметтер, ошондой эле Анын сыйынуулары, соттолушу, өлүмү жана тирилүүсү тууралуу билиши үчүн алардын ишенимин бекемдөө максатында *ЫЙСА* тасмасынан 61 үзүндүнү колдонсоңуз болот.**

# Биринчи кадам

# 01

### Сиз миссионерлик коомчулукту кайсы жерде негиздегиңиз келет?

### Ыйса тууралуу билүүгө муктаж болгон жакынкы айыл же коңшу жерлер барбы?

Биринчиден ошол жердеги “Тынчтыктын адамын” аныктап алыңыз. Лука 10:6да Ыйса Өз кабарын жеткирүү үчүн 72 жолдоочусун жибергенде, аларды тосуп алган ар бир жерде тынчтыктын адамын издөөнү буйруган. Бул – кадыр-барктуу жана *ЫЙСА* тасмасын көрүүгө чакыруу үчүн досторунун тобу жана туугандары бар адам.

Биз сизге ошол адам менен аларга Ыйса тууралуу айкын айтып берүүгө мүмкүнчүлүк берген, эстеп калууга оңой болгон үч-кадамдык жараян аркылуу мамиле курууну сунуштайбыз.

#### a. Сыйынуу

Биз бул тынчтыктын адамы үчүн сыйынабыз. Кудай сизге ошол адам ким экенин көрсөтсүн деп сыйыныңыз – ал сизди үй-бүлөсүнө жана досторуна тааныштыра алган адам болушу керек. Ошол адамды жакындан тааный баштагандан кийин, алар үчүн кантип сыйынуу керектигин сураңыз. Ыйсанын жолдоочулары алардын муктаждыктары үчүн сыйынганда адамдар кубанышат.
*ЫЙСА* тасмасынын 25чи жана 26чы үзүндүлөрүндө Ыйса сыйынуу тууралуу үйрөтөт.

#### b. Кам көрүү

Биз бул жаңы досубуз үчүн сыйынып, анын муктаждыктарын түшүнө баштаганда, аны угуу аркылуу жана анын денелик муктаждыктарын чечүү аркылуу ага кам көрүп жатканыбызды көрсөтө алабыз. *ЫЙСА* тасмасынын 31-үзүндүсүндө Ыйса Боорукер самариялык адам тууралуу окуяны айтып берет жана биз жакындарыбызга кантип кам көрүшүбүз керектигин үйрөтөт. Ыйса ушундай кам көрүүнү сиз *ЫЙСА* тасмасында көргөн көп кереметтер аркылуу көрсөтөт.

#### c. Бөлүшүү

Биз адамдарды угуп, алардын муктаждыктарын чечүүгө жардам бергенде, алар менен Ыйса тууралуу жакшы кабарды бөлүшүү артыкчылыгына ээ болобуз. *ЫЙСА* тасмасынын 33-үзүндүсүндө Ыйса Закай менен дос болуп, ага жакшы кабарды айтып берет.

# Экинчи кадам

# 02

## *ЫЙСА* тасмасын көрсөтүңүз

Тынчтыктын адамы менен бирге, балким анын үйүндө *ЫЙСА* тасмасын көрүү үчүн 10 же андан ашык адам чакырыңыз. Сиз көп адамдардын келүүгө каалоосу бар экенин көрөсүз! Азыркы технология заманында *ЫЙСА* тасмасын көрсөтүүнүн көп жолдору бар.

Алардын бир нечеси төмөндө берилген:

1. Эгер сизде *ЫЙСА* тасмасынын® жабдууларынын жыйнагы болсо, аны сыртта чоң экран колдонуп иш-чара өткөрүү үчүн колдонуңуз! Көптөгөн адамдар тасманы келип көрүүнү каалашат!

2. Эгер сизде USB порту бар, экраны жалпак телевизор болсо, тынчтыктын адамы болгон адамдын үйүндө *ЫЙСА* тасмасын көрсөтүү үчүн флешка колдонуңуз.

3. Эгер сизде блютуз колонкасы бар планшет жабдуусу болсо, *ЫЙСА* тасмасын 20 адамдан турган чакан топко көрсөтө аласыз.
Адамдар Ыйса тууралуу окуяны өз тилинде көргөнүнө жана укканына абдан кубанышат!

Тасманы көрүп бүткөндө, андан ары иштешүү үчүн угуучуларыңызга эки сунуш айтыңыз.

Биринчиден, аларга Ыйса Машайакты Куткаруучусу катары кабыл алууга мүмкүнчүлүк бериңиз. (Көптөр Ыйсаны дароо кабыл алышат!) Экинчиси, кийинки күнү Ыйса тууралуу көбүрөөк сүйлөшүү үчүн аларды чакырыңыз, анткени кызыккандар жана суроолору барлар көп болот.

Эми эң кызыктуусу башталат!

# Үчүнчү кадам

# 03

## Жаңы Миссионерлик коомчулук же чакан топ

Тасманы көргөндөр Ыйсаны куткаруучу катары кабыл алса да, кабыл албаса да, кийинки күнү күндүз же кечинде Ыйса жөнүндө дагы көбүрөөк сүйлөшүүгө чакырыңыз.

Бул чогулушта (жана андан кийинки бардык чогулуштарда) сиз *ЫЙСА* тасмасынын 61-үзүндүсүн Ыйса тууралуу көбүрөөк үйрөнүп, Ал тууралуу чогуу сүйлөшүү үчүн колдоносуз.

Кийинки жылдын аралыгында сиздин жаңы тобуңуз Машайакта өсөт. Ошондой болгон сайын алардын бири-бирине сүйүүсү артып, ошол сүйүүсү алардын коомчулугунда жана башка коомчулуктарда көбөйөт!

Биринчи чогулушунан баштап, бул топтун жаңы мүчөлөрү Миссионерлик коомчулуктагы жашоону башынан өткөрүшөт. Биз ар бир чогулуш үчүн “үчтөн-үч” (3/3) деген түзүлүштү колдонобуз.

# Төртүнчү кадам 04

## Көбөйүү

*ЫЙСА* тасмасынын 17-үзүндүсүндө, Ыйса Жемиштүүлүк тууралуу үйрөтөт. Бул учурда сиздин чакан тобуңуз Биринчи Кадам менен башка жаңы коомчулукту негиздөөгө даяр болот!

Алар буга чейин эле Ыйсанын шайтандын, жаратылыштын үстүнөн болгон бийлиги, оорулууларды айыктыруучу, күнөөлөрдү кечирүүчү күчү, Ыйсаны жолдоочунун мүнөзү жана Ыйсанын жемиштүүлүктү күтөрүн үйрөнүштү.

Балким сиз бул жаңы топту алып кете турган негизги жолдоочу, Тиметейиңизди аныктадыңыз. Ага жаңы көбөйүүчү коомчулукту баштоо үчүн 1-4чү кадамдарды аткарууга жардам бериңиз!

Кудай сизди улуу падышалыгын жайылтууга катыштырарына Ага ишеним артканда Ал сизге батасын берсин деп сыйынабыз!



## ҮЧТӨН – ҮЧ

Шакиртчилик жараяны



### Артты кароо

•Бири-бирине кам көрүү. “Кандай жүрөсүз?” – деп сураңыз.
•Табынуу
•Ишенимдүүлүккө кубануу
•Жооптуулук жана карап чыгуу
•Түрткү берүү жана шыктандыруу
•Көрүнүш түзүү



### Жогору кароо

•Жаңы сабак
•Баш ийүүгө негизделген Ыйык Китепти изилдөө
•Ыйса тууралуу жаңы окуяны үйрөнүү



### Алдыны кароо

•Миссияга даярдануу
•Окуяны айтып машыгуу
•Бул жумада биз ким менен бөлүшөбүз
•Миссия үчүн сыйынуу

# Ыйсаны таанып билүү окутуусун өтүүнүн эки жолу:

Сиздин жаңы миссионерлик коомчулугуңузга ***ЫЙСА*** тасмасынын үзүндүлөрүн көрсөтүүдө бул окуу программасын колдонуунун эки жолу бар.

1. Башынан аягына чейин (1-ыкма)
*ЫЙСА* тасмасын толугу менен көрсөткөндөн кийин (жогорудагы Экинчи кадам), Ыйсаны таанып билүү Сабагын колдонуунун биринчи жолу – топ түзүү жана *ЫЙСА* тасмасын көрүүгө катышкандарга *ЫЙСА* тасмасын баштан-аяк үзүндү-үзүндү кылып бөлүп көрсөтүп чыгуу. Бул *ЫЙСА* тасмасында камтылган окуяларды жана аңгемелерди ырастоонун эң жакшы жолу!

2. Пайдубал куруу (2-ыкма)
Ыйсаны таанып билүү Сабагын колдонуунун экинчи жолу кээ бир негизги пайдубал принциптерден баштап жаңы коомчулугуңуздун мүчөлөрүн ишенимде бекемдөөнү камтыйт. Көп жылдардын аралыгында "Машайак үчүн айкаш жыгач жүрүшү®" (*ЫЙСА* тасмасын чыгарган уюм) жаңы ишенүүчүлөрдү ишенимде бекемдөө үчүн "Өткөрүп берүүчү түшүнүктөр" деп аталган бир нече сабактарды иштеп чыккан. Ушул Өткөрүп Берүүчү түшүнүктөр *ЫЙСА* тасмасынын кээ бир үзүндүлөрүндө көрсөтүлөт.

Өткөрүп берүүчү түшүнүктөрдүн толук жазуу жүзүндөгү версиясын www.cru.org/us/en/train-and-grow/transferable-concepts дарегинен онлайн окууга болорун эске алыңыз. Ошондой эле бул QR код аркылуу веб-сайтка кирсеңиз болот.

Эгер 2-ыкманы колдонсоңуз, сиз алгач сегиз үзүндү боюнча сабактарды иретсиз эле өтүп чыгасыз. (Кийинки бетте сегиз үзүндүнүн тизмеси жана тобуңузду жетектөөнүн ирети берилген.) Бул иретсиз сегиз үзүндүнү бүтүргөндөн кийин, Ыйсаны таанып билүү сабактарына кайтып барып аны башынан аягына чейин ирети менен өтүп чыгыңыз (1-ыкманы баштап жаткан сыяктуу).

Ушундай кылганда, сиз чынында бул сегиз сабактын ар бирин экинчи жолу кайталап чыгасыз (кайра карап чыгуу катары).

# Пайдубал куруу (2-ыкма) Үзүндүлөрдүн ирети:

61-үзүндү – “Сиз машайакчы экениңизге кантип толук ишене аласыз?”
Бүгүн кокус каза болуп калсаңыз, бейишке барарыңызга эч бир күмөнсүз толук ишене аласызбы? (“Ыйсаны жеке таанып билүү” клиби колдонулат)

14-үзүндү – “Кудайдын сүйүүсүн жана кечиримин кантип сезе аласыз?”
Сиз үчүн кээде Ыйса Машайакта күнөөлөрүңүз толук кечирилгенине ишенүү кыйынга турабы? Акыл-эс менен ишенсеңиз да, жүрөгүңүздө буга терең ишене аласызбы? (“Кечирилген күнөөкөр аял” клиби колдонулат.)

26- үзүндү – “Биз кантип Ыйык Рухка толо аласыз?”
Көптөгөн машайакчылар Ыйык Рухка кантип толуу керектиги тууралуу күчтүү жана эркиндик берүүчү кабарды эч качан уккан эмес. (“Сыйынуу жана ишеним тууралуу окутуу” клиби колдонулат.)

8-үзүндү – “Сиз кантип ишенимдүү күбө боло аласыз?”
Көптөгөн машайакчылар башкалар эмнеге Ыйсага келбей жатканын көрүп таң калышат. Бирок биз кайда барбайлы Ыйса үчүн жемиштүү таасир тийгизе алабыз. (“Кереметтүү жол менен балык кармоо” клиби колдонулат.)

60-үзүндү – “Сиз Улуу Тапшырманы аткарууга кантип жардам бере аласыз?”
Жакшы кабар ар бир элге жетиши керек: жакшы кабардын күчү жана адамдарга Ыйса тууралуу айтуу кубанычы. (“Улуу Тапшырма жана Көтөрүлүп кетүү” клиби колдонулат.)

31-үзүндү – “Сиз кантип ишеним менен сүйө аласыз?”
Боорукер самариялык адам окуясы башкаларды сүйүүдө ишенимдин күчтүү ролун көрсөтөт. (“Боорукер самариялык адам ибараты” клиби колдонулат.)

25-үзүндү – “Сиз кантип ишенимдүүлүк менен сыйына аласыз?”
Сиз ааламдагы эң күчтүү Инсанга дароо жетүү мүмкүнчүлүгүңүз бар экени жөнүндө ойлонуп көрдүңүз беле? (“Теңирдин сыйынуусу” клиби колдонулат)

38-үзүндү – “Берүүнүн укмуштуу тажрыйбасын кантип башыңыздан өткөрсөңүз болот?”
Сиз башыңыздан өткөрө турган укмуштуу окуя – ишеним менен берүү тажрыйбасы. (“Жесирдин курмандыгы”)

# 1-үзүндү: Башы – Башталыш

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

*ЫЙСА* деген тасмадагы бул үзүндү Кудай бүт ааламды анын ичинде жерди, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды жана адамзатын кантип жаратканын айтып берет. Ал Адам менен Обо кантип күнөө кетирип, Кудайга каршы козголоң чыгарганы жана алардын күнөөсүнүн кесепеттери тууралуу баяндайт. Биз Кудай кантип Ыбрайымга убада бергенин жана дүйнөнүн күнөөсүн алып кете турган Куткаруучуну убада кылганын билебиз.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Библия бардык нерсенин жаралуусунан башталат. Эмне үчүн Кудайдын планында Жер маанилүү?
3. Жазуунун айтканы боюнча Кудай эмнеге Адам менен Обону жараткан?
4. Адам менен Обого эмне болгон? Алардын бактагы иш-аракеттери кандай натыйжаларга алып келген?
5. Кудай адамзатын дагы эле сүйгөндүктөн, алар менен кайра мамиле курууну пландаштырган. Ыбрайымдын жашоосундагы кайсы окуя (тасманын бул үзүндүсүндө) Кудайдын планына эмне кошуларын айтат?
6. Кудай Өз элинин күнөөсү үчүн курмандык катары ким келерин убада кылган?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Кудай адамдарды сүйүү үчүн жана ырахат тартуулоо үчүн жараткан, бирок алар Кудайга каршы күнөө кылып, Андан бөлүнүп калышкан. Кудай адамдар менен кайра мамилесин калыбына келтирүүнү пландаган. Бул план убадаланган Майланган Падышаны – бардык күнөөлөр үчүн кун төлөй турган Ыйса Машайакты камтыган.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 2-үзүндү: Ыйсанын төрөлүүсү (Лука 1:26-33, 2:1-7)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ар бир адамдын төрөлгөн күнү болот. Ар бир адам бул жашоого окшош жол менен келет. Атүгүл Ыйса да ошондой болгон. Ыйса – дүйнөгө бардык адамзаты сыяктуу келүү менен аларга окшошууну тандаган Кудайдын Уулу. Ал биздей адам болуу үчүн жана Кудай эле эмес, толугу менен адам экенин көрсөтүү үчүн ушундай кылган.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Мариям периштенин Машайакты төрөйсүң деген сөздөрүнө кандай жооп кайтарды?
3. Эмне үчүн Жебирейил периште Наристе ыйык болорун айткан?
4. Эмне үчүн Ыйса кыздан төрөлгөнү маанилүү болгон деп ойлойсуз?
5. Эмне үчүн Ыйса Бейт-Лехемде төрөлгөнү маанилүү болгон? (Михей 5:2ни окуңуз)
6. Мариям менен Жусуп Ыйсанын төрөлүүсүнө байланыштуу окуяларда Кудайга кантип ишеним артышкан?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

- Ыйсанын төрөлүүсү эле эмес, бойго бүтүүсү да таң калычтуу болгон.
- Ыйса төрөлгөн маалда Мариям да, Жусуп да Кудайга ишеним артышкан.
- Ыйса Кудай да, адам да болгон, бул Анын кыз Мариямдан төрөлгөнү менен ырасталат.
- Уул Ыйса периштелер же дүйнөдөгү башка жаратылган жандыктардын баарынан мурун Атасы менен бирге болгон.

## Колдонуу суроосу

Бул үзүндү сиздин Ыйсаны ким деп ойлогонуңузду өзгөртө алдыбы? Ошондой болсо, кантип?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 3-үзүндү: Ыйсанын балалыгы (Лука 2:41-52)

Аттты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйса жеке жашообузда кантип өсүү керектиги тууралуу үлгү калтырган. Бул үзүндү Ал ата-энеси менен Кудайга баш ийгенин жана Кудай менен адамдардын сүймөнчүгү болуп чоңойгонун көрсөтөт. Биз үйрөнө алган сабактардын бири – бул жашоо сапарыбызда мүнөзүбүздү жакшыртууну улантуунун маанилүүлүгү.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Улгайган адам (Шымыйон) Ыйса жөнүндө эмне деген?
3. Ыйса кантип окутуучуларды таң калтырган? Эмне үчүн бул таң калычтуу болгон?
4. Бул үзүндү Ыйса Кудай эле эмес, толугу менен адам экенин кандайча көрсөтөт?
5. Мариям менен Жусуп Ыйсаны Байыркы Келишимдеги диний салттарга ылайык туура тарбиялып жатканын кантип көрсөткөн?
6. Ыйса Кудайды ким деп чакырат? Бул Ыйса ошол жашында Өзү тууралуу эмнени билгенин көрсөтөт?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Жусуп жана Мариям Ыйсаны тарбиялоодо Аны Пасах майрамына алып барып, Кудайга баш ийгендигин көрсөтүп, бизге бала тарбиялоонун жакшы үлгүсүн көрсөткөн. Биз Библиядан Ыйса 12 жашында жашоосунун миссиясын билгенин көрө алабыз. Кудай Ыйсанын бала чагындагы бул окуяны Ал кандай чоңойгонун көрсөтүү үчүн калтырган, ал эми Ал тууралуу жазылгандын көпчүлүгү Анын баралына жеткендеги жашоосу жана кызматы тууралуу. Кудай биздин ошону билишибизди каалайт.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 4-үзүндү: Ыйсанын Жакан тарабынан чөмүлдүрүлүүсү (Лука 3:21-22)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Луканын китебинин бул бөлүгүндө Ыйсанын элдик кызматы башталат. Ыйса Галилеядан Жакан тарабынан чөмүлдүрүлүү үчүн Иордан дарыясына келген. Ыйса күнөөсүнө өкүнгөнү үчүн Жакан тарабынан чөмүлдүрүлгөн эмес, анткени Ал эч качан күнөө кетирген эмес. Ал бүт дүйнөгө Өз өмүрү аркылуу да, Өлүмү аркылуу да биздин өкүлүбүз экенин көрсөтүү үчүн чөмүлдүрүлгөн.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Жакан элге «тобо кылгыла» дегенде эмне тууралуу айткан деп ойлойсуз?
3. Ыйса эч качан күнөө кетирген эмес, анда эмнеге Ал чөмүлдүрүүнү каалаган?
4. Кудай асмандан сүйлөгөндө эмне себептен Ыйсага ыраазы болгон?
5. Библия Кудайда үч Инсан бар, ошентсе да Ал бир деп үйрөтөт. Бул Кудайдын «Үчбирдиги» деп аталат. Сиз ушул үзүндүдөн Үчбирдиктин бардык инсандарын таба аласызбы? Алар кимдер?
6. Жакандын айтканы боюнча Ыйсанын жашоосундагы максат эмне болгон?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса күнөө кылгандыгы үчүн чөмүлдүрүүгө муктаж болгон эмес, ал адамдарга окшошуу үчүн чөмүлдүрүлгөн. Библияда “тобо кылуу” – бул Ыйса жөнүндө оюңду өзгөртүү жана жаңыча жашоо. Биз бул жерден Ыйсанын кызматы дүйнөнүн күнөөсүн алып кетүү экенин көрө алабыз.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 5-үзүндү: Шайтандын Ыйсаны азгырышы (Лука 4:1-13)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйсаны башка жашап өткөн адамдардан эмне айырмалайт? Бул Анын окутууларыбы? Кереметтериби? Балким, бирок Аны башка ар бир адамдан айырмалаган бир нерсе – Ал эч качан, сөзүндө да, ишинде да күнөө кетиргенбегендиги. Шайтан Ыйсаны күнөөгө түртүүгө аракет кылса да, ийгиликке жете алган эмес. Жаңы Келишимде шайтан тууралуу биринчи жолу ушул жерде айтылат. Эгер ал Ыйсаны күнөөгө түртө алса (Адам менен Обо сыяктуу), шайтан Кудайдын адамзатын сактап калуу планын талкалай алмак.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Шайтан Ыйсаны кандай жол менен азгырганын айтып бериңиз.
3. Ыйса шайтан Аны азгырганда Жазуудагы үзүндү менен жооп бергени эмне үчүн маанилүү?
4. Ыйсанын азгырыкка туруштук бергени Анын Кудай Уулу экенин кандайча далилдейт?
5. Ыйсанын күнөөсү болбогону эмне үчүн маанилүү?
6. Биз азгырылганда эмне кылышыбыз керек?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса жашоосунда күнөө кылбаганы менен Кудайдын Уулу экенин далилдеген. Ыйса азгырыкка каршы туруу үчүн Библиядагы аяттарды келтирген. Шайтан Ыйса алсыз болуп турганда, Аны азгырган. Шайтан адамдарды жашоонун ар кайсы тармактарында азгырууну уланта берет. Бирок биз азгырылганда Ыйса бизге жардам бере алат.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 6-үзүндү: Ыйса Жазуунун аткарылышын жарыялайт (Лука 4:16-30)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Адамдар Ыйсага ар түрдүү жооп кайтарышкан. Кээ бир адамдар Анын окутууларын кабыл алышкан, бирок Ал тартуулаган куткарылууну кабыл алышкан эмес. Башкалары Ал жөнүндө таптакыр ойлонгон эмес. Тилекке каршы кээ бирлери Анын шаары Назареттегидей Аны четке кагышкан.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса Ышайа китеби 61-бөлүмдөгү үзүндүнү окуганда, Өзү жөнүндө эмне деген?
3. Бул бизге Ыйса жакырлар, сокурлар, камактагылар жана кыйналгандар үчүн кам көргөнү тууралуу эмнени айтат?
4. 18-аятта Ыйса «жакшы кабар» деген сөздөрдү колдонгондо, эмне жөнүндө айткысы келген? Библия «жакшы кабар» үчүн колдонгон башка кайсы сөздү билесиз?
5. Ыйса 18-аятта «Теңирдин Руху менде» деп айтат. Мындан башка дагы кайсы жерде биз Ыйсанын жашоосунан Ыйык Рухту көрө алабыз?
6. Эмнеге адамдар Ыйсаны четке каккан деп ойлойсуз? Алардын Аны четке какканы алардын жүрөктөрү тууралуу кандай кабар берет? Алар Ыйсага каршы кандай иш-аракет кылышкан?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса Өзү Байыркы Келишимде сөз болгон Машайак экенин ачып берүү менен элдик кызматын баштаган. Ыйса адамдардын денелик да, руханий да муктаждыктары тууралуу кам көргөн. Кудай адамдар күнөөлөрүнөн куткарылып, Анын Падышалыгына кириши үчүн Анын Уулуна ишенүүсүн каалайт.

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 7-үзүндү: Фарисей менен салыкчы тууралуу ибарат (Лука 18:9-14)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Адамдар адатта Кудайга кандай жол менен келишет? Көбүнчө эки жол менен: эрежелердин жыйнагына баш ийүү менен, же ишенимге ээ болуу менен. Машайакчылыктан башка диндердин баарында Кудай менен туура мамиледе болуу үчүн аткарыш керек болгон эрежелердин жыйнагы бар. Машайакчылык мындан айырмаланып, эрежелерди аткаруу менен эмес, ишеним аркылуу Кудайга жаккан жалгыз ишеним болуп саналат. Машайакчылык Кудай менен туура абалда болуу үчүн Кудай биз үчүн Машайакта кылганды гана кабыл алат. Бул сегментте биз “фарисей” – адамдарды Кудай жөнүндө окутууга жоопкерчиликтүү болгон Израилдин диний жетекчиси жөнүндө көрөбүз. Алар эрежелер менен мыйзамдарды аткарууга милдеттүү болгон. Бул аларды кам көргөн адамдарга караганда өздөрүн жогоруураак сездирген.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Израил эли салыкчыларды жек көргөн, анткени алар басып алуучу Рим бийлигине иштеп, элди чоң салык төлөткөн. Эмне үчүн Ыйса салыкчы тууралуу окуяны тандаган деп ойлойсуз?
3. Фарисей кандай сыйынган? Эмне үчүн ал өзүн башкалардан жогору сезген?
4. Салыкчы кандай сыйынган? Ал Кудайдан эмне кылууну суранган?
5. «Акталды» деген сөз эмнени билдирет деп ойлойсуз? (Римдиктерге 5:2ди караңыз)
6. Эки адамдын кайсынысы Кудай менен туура мамиледе болуп үйүнө кайтты деп ойлойсуз? Эмнеге?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Машайакчылык Кудай менен туура мамиледе болуу үчүн бир дагы эреженин аткарылышын талап кылбайт. Ал ишенимди гана талап кылат. Текебердик Кудайдан алыстатат, анткени мындай адам Кудайга эмес, өзүнө ишеним артат. Адамдар суранганда Кудай аларга момун болуу үчүн ырайымын берет.

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 8-үзүндү: Кереметтүү жол менен балык кармоо (Лука 5:1-11)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү – Сиз кантип жемиштүү күбө боло аласыз?

Ыйса бул кереметти шакирттерине Өзүнүн Машайак экенин, алар Аны ээрчип, “адам кармоочу” болушу керектигин көрсөтүү үчүн кылган. Алар Ыйсанын Машайак экенин түшүнүшкөн жана торлорун таштап, Аны ээрчишкен. Жашоодо адамдарды кармоо сыяктуу кызыктуу жана рухий жактан пайдалуу тажрыйба жок. Сиз Ыйсанын көрсөтмөлөрүн аткарганда, эч качан эч кимди Машайакка алып келбеген болсоңуз да, сиздин торуңуз толушу мүмкүн. Сиз Петир сыяктуу сынчыл болушуңуз мүмкүн. Бирок баш ийсеңиз Теңир сизди көп адамдарды Ыйсанын жолдоочусу кылуу үчүн колдонот.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса Петирдин эмне кылуусун сураган? Бул сунуш беле же буйрук беле? Мындан Ыйса тууралуу эмнени билсе болот?
3. Петир Ыйсанын сөздөрүнө кандай жооп кылды?
4. Сиздин оюңузча эмнеге Петир өзүн «күнөөкөрмүн» деген? Эмнеге ал кереметтүү жол менен балык кармалгандан кийин Ыйсанын андан кетишин каалаган?
5. Петир, Жакып жана Жакан Ыйсага арналганын кантип көрсөтүшкөн?
6. Ыйса алар «адам кармоочу» болорун айтканда, эмнени айткысы келген деп ойлойсуз?
7. Сизди башкаларга Ыйса тууралуу айткандан эмнелер кармайт?
8. Ыйса аларга «коркпогула» деген. Шакирттер кереметке күбө болуп, Ыйсанын сөздөрүн уккандан кийин эмнеден корккон деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Жемиштүү күбө болуу үчүн, сиз машайакчы экениңизге толук ишенип, жашооңузда мойнуңузга албаган күнөө жок экенин такташыңыз керек. Ыйык Рухка толушуңуз керек. Бул түшүнүктөр тууралуу мындан мурунку сабактарда айтылган. Акыркысы, жакшы кабардын баянын үйрөнүп, ишеним менен бөлүшүүгө даяр болушуңуз керек. Сиз окуяны өз сөзүңүз менен айтып же «Ыйса» тасмасынан акыркы үзүндүнү Ыйсаны таанууга муктаж болгон досуңузга же жакыныңызга көрсөтсөңүз болот. Эң маанилүүсү, сиз адамдарды сүйүшүңүз жана аларга БАРЫП, жакшы кабар АЙТКАНГА биринчи болуп кадам ташташыңыз керек. Мүмкүнчүлүктөр үчүн сыйыныңыз жана Кудай сизди колдонушун күтүңүз.

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.
Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 9-үзүндү: Жайырдын кызынын тирилиши (Лука 8:40-42, 49-56)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Кайгы – кадимки адамдык сезим. Бул окуяда атасы ооруп жаткан кызы каза болуп калгандыктан кайгырып жаткан. Ал Ыйсадан келип, аны айыктырууну суранган, бирок өтө кеч болуп калган. Бирок Ыйса ал жөн гана ишенип, коркпошу керектигин айтат. Андан кийин Ыйса анын каза болуп калган кызын тирилтип, атасынын кайгысын токтоткон. Ыйса жөнүндөгү таң калычтуу нерсе, Ал биз кайгырып жатканда биз үчүн керемет кылбаса да, биздин жүрөктөрүбүздү айыктырып, бизге кайгы менен капалануу учурунда жардам бере алат.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге Жайыр Ыйсадан келип кызына жардам берүүсүн суранды деп ойлойсуз? Бул анын Ыйсага карата кандай көз караштa экенин көрсөтөт?
3. Ыйса Жайырдын кызы өлбөгөнүн билгенде, ага эмне деп айткан?
4. Кыздын ата-энеси Ыйса кыздын өлбөгөнүн, бирок уктап жатканын айтканда эмне кылышкан? Ыйса эмнеге ошондой деп айткан?
5. Ыйсанын өлгөндөрдү тирилте алганы Ал тууралуу кандай кабар берет?
6. Сиздин оюңузча Петир, Жакып жана Жакан бул кереметти көргөндө кандай ойдо болушкан?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса адамдарды өлгөндөн тирилте алганы менен Өзүнүн Кудайдын Уулу экенин далилдейт. Ыйса кайгырып жаткандарга боору ооруйт. Ыйса бизге өлүм жана жоготуу коркунучу келгенде жардам бере алат. Ыйса биз сыналганда жана кыйналганда бизге жардам бере аларына ишенишибизди суранат.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 10-үзүндү: Шакирттер тандалды (Лука 6:12-16)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйса кызматын Өзү тандаган "элчилер" деп аталган өзгөчө жолдоочулар улантышын дайыма каалаган. Бул сөз "кабарчылар" дегенди билдирет. Биз болсок башка адамдарды тандамактырбыз, бирок Ыйса тандаган адамдар билим албаган, кара жумуш кылган "күнөөкөр" деп эсептелген, кээде ишенимде жана Ага арналууда алсыз адамдар болушкан. Бул бизге Ыйса Аны ээрчүүнү каалаган ар бир адамды ал ким болбосун колдоно аларын көрсөтөт.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса Өзүнүн он эки шакиртин тандоонун алдында эмнеге Кудайга түнү менен сыйынган деп ойлойсуз?
3. Ыйса Матайды тандаган, ал өз өлкөсүндө жек көрүндү салыкчы болгон. Бул Ыйса тууралуу кандай кабар берет?
4. Эмне үчүн Матай дарбазанын алдында отурган жеринен туруп Ыйсаны ээрчиди деп ойлойсуз? Матай Ыйсаны ээрчүү үчүн эмнени ташташы керек болгон?
5. Эмнеге Матай Ыйса аны чакыргандан кийин, кечинде тамакка бардык досторун чакырып, аларды Ыйсага жолуктурган?
6. «Элчи» деген сөз «кабарчы» дегенди билдирет. Ушуга чейин үйрөнгөнүңүзгө ылайык, элчилер кызмат кылууга чыкканда алардын кабары эмне тууралуу болгон?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Эгер сыйынуу Ыйса үчүн маанилүү болсо, демек ал биз үчүн да маанилүү болушу керек. Ыйса кадимки, атүгүл күнөөкөр адамдарды элчи болууга тандап алган. Ыйса кызматын улантуу үчүн адамдарды колдонот. Ыйса биздин Матай сыяктуу Аны башка адамдарга тааныштырышыбызды каалайт.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кылары̆ңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 11-үзүндү: Бактылуулар (Лука 6:20-27)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйса Өзүнө ишенгендердин Аны ээрчүүсүн да каалайт. Биз Аны ээрчип, Анын буйруктарына баш ийгенде бардык жагынан толук жана баталуу болорубузду Ал билет. Лука китебинин ушул бөлүгүндө Ыйса адамдар Анын жолдоочулары болордон мурун өздөрү тууралуу кандай ойлонушу керектигин түшүндүрөт. Ыйса Өз жолдоочуларын «жакыр» жана «ачка» деп сүрөттөйт. Биз бул эки сөз Ыйсаны Куткаруучу катары кабыл алган жана Аны Теңир катары ээрчигенге жол ачкан жүрөктүн абалын сүрөттөөрүн көрөбүз.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса «руху жакырлар» тууралуу айтканда, акча каражат жагынан жакырлар эмес, рухий жактан жакырлар тууралуу айтат. «Рухий жакыр» болуу деген эмнени билдирет деп ойлойсуз?
3. Ушул сыяктуу эле «ачкалар» тууралуу айтканда, денелик ачкалар тууралуу эмес, рухий ачкалар тууралуу айтат. «Рухий ачка болуу» деген эмнени билдирет деп ойлойсуз?
4. Машайакчы эмес адамдар машайакчыларды жактырбаган учурлар болот. Машайакчылар жаман мамилеге кабылганда кандай жооп кайтарышы керек?
5. Ыйса Анын жолдоочулары «куугунтукталганда» бактылуу экенин айтат. Куугунтукталган адам кантип бактылуу боло алат?
6. Бул дүйнөнүн байларына Ыйсага ишеним артуу эмне үчүн кыйын болушу мүмкүн?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйсанын жолдоочусу болуу жүрөгүңүздө момун болууну билдирет. Ыйсанын жолдоочусу болуу Анын буйруктарына баш ийүүнүн маанисин түшүнүп, тынчтыкты табууну билдирет. Ыйсанын жолдоочусу болуу сага жаман мамиле кылгандарды кечирүүнү билдирет. Ыйсанын жолдоочусу болуу сыйлык ала турган асманды кароону билдирет.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу

- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 12-үзүндү: Тоодогу насаат (Лука 6:24-46)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Көптөгөн адамдар Ыйсага суктанышат. Көп адамдар Анын окутууларын макташат. Көп адамдар Ыйса алардан ушуну талап кылат деп ойлоп, жыйынга барышат. Бирок Ыйса Аны сүйүп, Аны ээрчигендер Анын айтканын кылышарын айткан. Ал муну адамдар Анын окутууларына баш ийүү менен асманга барарын билдирүү үчүн эмес, Ага баш ийүүгө аракет кылуу менен жашоосу мол жана баталуу болорун билдирүү үчүн айткан. Ыйсанын Тоодогу насаатындагы окутуусу Аны жолдогондордун жана Анын окутуусуна баш ийгендердин мүнөзүн сүрөттөйт.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге адамдар бай болууну каалайт деп ойлойсуз? Эмнеге Ыйса акча жөнүндө айтууга ушунча көп убакыт бөлгөн?
3. Ыйсанын насаатын уккан адамдар буга кандай жооп кылышты?
4. “Ырайым” деген эмнени билдирет? Кудай адамдарга кантип ырайым кылат деп ойлойсуз?
5. Адамдар сизди жаралаганда эмне үчүн аларды кечирүү кыйынга турат? Кудай үчүн бизди кечирүү кыйынбы?
6. Бул үзүндүдөгү Ыйсанын окутуусуна ылайык, эмне үчүн адамдарды соттоп, айыптаган туура эмес деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса байлык сизди асмандан алыстатарын кайрадан эскертет. Ыйса Кудай ырайымдуу экенин жана биз башкаларга ырайымдуу болушубуз керектигин айтат. Ыйса биз кечирилгенибиз үчүн башкаларды кечиришибиз керектигин эске салат. Ыйса башкаларды соттобоо жана эки жүздүү болбоо тууралуу эскертет, анткени биз өзүбүз биз соттогондор сыяктуу эле болушубуз мүмкүн.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

**13-үзүндү: Кошулган эмес.**

**Бул абдан кыска үзүндүдө библиялык окутуу жок.**

**14-үзүндүгө өтүңүз.**

# 14-үзүндү: Кечирилген күнөөкөр аял (Лука 7:36-50)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү – Сиз Кудайдын сүйүүсүн жана кечиримин кантип сезе аласыз?

Ыйса салыкчыларды, сойкуларды жана оорулууларды жакшы көргөн жана алар менен убакыт өткөргөн. (Ошол күндөрү ооруган адамдар оорусунун айынан күнөөкөр деп эсептелген.) Ыйса мындай адамдарды эч качан айыптаган эмес, чынында Ал өздөрүн башкалардан жогору эсептеген диний жетекчилерди гана айыптаган. Ал диний жетекчилер адамдар Кудайдын кечиримине жана колдоосуна ээ болуш үчүн аткарышы керек болгон “Мыйзам” деп аталган конкреттүү эрежелердин жана көрсөтмөлөрдүн жыйнагын эң маанилүү деп эсептешкен. Библия Ыйса Машайак Өзүнүн өлүмү жана айкаш жыгачы аркылуу бизди күнөөдөн, өз иштерибиз менен Кудайдын колдоосуна ээ болуу аракетинен, “Мыйзам” талап кылгандарды аткарууга жөндөмсүз болуу айыбынан эркин кылганын айтат.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге жаш аял ыйлаган деп ойлойсуз?
3. Аял кылган иш-аракетке фарисейлер кандай мамиле кылышкан? Бул Ыйсанын мамилесинен кандай айырмаланган?
4. Ыйса фарисейге айтып берген кечирим тууралуу окуянын негизги мааниси эмнеде?
5. Аял Ыйсага ишенгенин кантип билдирген?
6. Эмнеге Шымон Ыйсага меймандостук көрсөткөн эмес деп ойлойсуз?
7. Ыйса аялга «сенин ишенимиң сени куткарды» дегенде, ал эмнеден куткарылган деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Бул окуядагы жаш аял ээ болгон кечиримди алыш үчүн сиз “руханий дем алышыңыз” керек. Руханий дем алуу үчүн сиз күнөөлөрүңүздү ишеним менен мойнуңузга алышыңыз керек. Библия сиз күнөөлөрүңүздү Анын алдында ачык айтсаңыз, Ал ишенимдүү жана адил Кудай катары сизди кечирерин жана сизди бардык адилетсиздиктен тазалаарын убада кылат (1 Жакан 1:9). Биринчиден, сиз күнөөлөрүңүз туура эмес экенин жана Кудайды капалантканын мойнуңузга аласыз. Экинчиден, Кудай Машайактын өлүмү жана айкаш жыгачта төгүлгөн каны аркылуу сиздин күнөөлөрүңүздү кечиргенин кабыл аласыз. Үчүнчүдөн, тобо кыласыз. Натыйжада иш-аракеттериңиздин өзгөрүүсүнө алып келген мамилеңизди (же көз карашыңызды) өзгөртөсүз. Ыйык Рухтун күчү менен күнөөлөрүңүздөн тескери бурулуп, жүрүм-турумуңузду өзгөртөсүз. 26-үзүндүгө тиешелүү сабакта биз рухий дем алуунун экинчи бөлүгү тууралуу үйрөнөбүз. Бул - дем киргизүү, Ыйык Рухка толуу.

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 15-үзүндү: Аял шакирттер (Лука 8:1-3)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйсанын убагында аялдардын мартабасы өтө төмөн болгон. Грек маданиятында аялдар адатта ырахаттын объектиси катары гана каралган. Көптөр Мыйзам аял эркектен төмөн экенин үйрөтөрүнө ишенишкен. Чынында, Байыркы Келишим Израил элинин аялдарына мартаба жана коопсуздук берет. Бирок Жүйүт маданиятында аялдар эркектерден төмөн болгон жана кулдар менен жаш балдарга теңелген. Ыйса аялдарды баалаган, бул Анын маданиятына карама-каршы келген.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Сиз Ыйса айыктырган адамдардын бири болсоңуз өзүңүздү кандай сезет элеңиз?
3. Бул бизге Ыйсаны ээрчиген жана Анын кызматын жеке каражаты менен демөөрлөгөн аялдар тууралуу кандай кабар берет?
4. 12 шакирт Ыйса менен болуу аркылуу эмнени үйрөнүшкөн жана ал нерсе кийин Ал үчүн кызмат кылганда кандай жардам бермек?
5. Ыйса элди окутканда жана аларды айыктырганда, аялдарга Ага кызмат кылууга жана Аны ээрчүүгө жол бергени Ыйса жөнүндө кандай кабар берет?
6. Сиздин коомуңузда аялдарга жалпысынан кандай карашарын ойлонуп көрүңүз. Сиздин маданиятыңыз менен Ыйса аялдарга кандай мамиле кылганын жана аларды кандай көз караш менен караганын салыштырып көрүңүз.

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйсанын аялдарга болгон көз карашы грек, рим жана жүйүт маданиятындагы көз караштан кескин айырмаланган. Ыйса аялдарга Аны менен саякаттаганга, Ага демөөрчүлүк көрсөтүп, Ага кызмат кылганга уруксат берген. Ыйса аялдарга сый-урмат, кадыр-барк жана сүйүү менен мамиле кылгандын үлгүсүн көрсөткөн.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 16-үзүндү: Чөмүлдүрүүчү Жакан түрмөдө (Лука 7:18-23)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Машайакчылар үчүн күмөн саноо кадимки нерсе. Биз күнөөкөр дүйнөдө жашап, дагы деле күнөөлөрдүн айынан кыйналып жатканда, бизде күмөн саноолор болот. Биз Кудай бизди сүйгөнүнөн, Кудай бизге кам көрөрүнөн, Библия чындык экенинен күмөн санашыбыз мүмкүн. Бул үзүндү атүгүл чөмүлдүрүүчү Жакан да Ыйса тууралуу күмөн санаганын көрсөтөт. Ыйса чөмүлдүрүүчү Жаканга жардам бергендей эле бизге күмөн санаганыбызда жардам бере алат.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Жакан эмнеге Ыйсага эки шакиртин жиберген? Жакан эмнени угууну каалаган деп ойлойсуз?
3. Эмнеге Ыйсага кызматынын башында кереметтерди кылган маанилүү болгон?
4. Эмнеге Ыйса Жаканга жооп бергенде кылган иштерин (оорулууларды, сокурларды, аксактарды айыктырганын) атап өткөн? Эмнеге жөн гана: “Ооба, Менмин”, – деп жооп берген эмес?
5. Жакандын күмөн саноолору болсо да, Ыйса аны кандай сүрөттөйт?
6. Жакан Ыйсанын кылгандарын өз көзү менен көргөнгө караганда, Ал жөнүндө уккандарына таянышы керек болгон. Библиядан Ыйсанын кереметтери тууралуу үйрөнүү бизге Ага ишенүүгө кандай жардам берет?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ишеним болсо да, күмөн саноолор болушу мүмкүн. Эч кимде жеткилең ишеним жок. Ыйсанын кереметтери Ал Жакан күтүп жаткан Машайак экенин далилдейт. Ыйса кызматынын башында Өзүнүн Машайак экенин далилдөө үчүн кереметтерди кылган. Ал кызматы кеңейген сайын кереметтерди азыраак кылып, көбүрөөк окуткан. Сиз Ыйсанын кереметтерин көрбөсөңүз да аларга ишенсеңиз болот, анткени Библия Ыйсанын чыныгы жашоосун баяндайт.

## Колдонуу суроосу

Бул үзүндү сиздин Ыйсаны ким деп ойлогонуңузду өзгөртө алдыбы? Ошондой болсо, кантип?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 17-үзүндү: Себүүчү жана үрөн жөнүндөгү ибарат (Лука 8:4-15)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйса адамдарды насааттар, суроолор жана жооптор, о.э. “ибараттар” аркылуу үйрөткөн. Ибараттар жалпы аналогиялар же шыктандыруучу салыштыруулар болгон, Ыйсанын убагында бул башкаларды аңгеме айтып берүү менен үйрөткөн кеңири тараган ыкма болгон. Ибаратты дагы башкача сөздөр менен “асмандык мааниси бар жердик окуя” десе болот.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса бул ибаратта айткан жердин төрт түрү эмнени билдирет? Ыйсанын айтуусу боюнча бул жерлер эмнени билдирет?
3. Ыйса: «Кимдин кулагы болсо, уксун» дегенде эмнени айткысы келген?
4. Азгырыктын кайсы түрү адамды Кудайга болгон ишенимин таштоого түртүшү мүмкүн?
5. Ыйса жакшы жер түшүм же жемиш бererин айтат. Ыйса кайсы рухий жемиш тууралуу айтып жатат?
6. Кудай биздин жашообузда жемиштерди алып келиши үчүн жерибизди кантип даярдасак болот?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса эмне үчүн кээ бирөөлөр ишенерин, ал эми башкалары ишенбегенин түшүндүрүп берет. Ыйса адамдар ишениши үчүн Кудайдын Сөздөрү канчалык зарыл экенин түшүндүрүп берет. Ыйса байлык кантип ишенгенге тоскоолдук кыларын түшүндүрөт.

## Колдонуу суроосу

Чакан топ же Миссионердик Коомчулук катары силер өзүңөр жашаган коомго тийгизген таасириңерди кантип көбөйтсөңөр болот?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# Төртүнчү кадам 04

## Көбөйүүгө убакыт келди!

*ЫЙСА* тасмасынын 17-үзүндүсүндө, Ыйса Жемиштүүлүк тууралуу үйрөтөт. Бул учурда сиздин чакан тобуңуз Биринчи Кадам менен башка жаңы коомчулукту негиздөөгө даяр болот!

Алар буга чейин эле Ыйсанын шайтандын, жаратылыштын үстүнөн болгон бийлиги, оорулууларды айыктыруучу, күнөөлөрдү кечирүүчү күчү, Ыйсаны жолдоочунун мүнөзү жана Ыйсанын жемиштүүлүктү күтөрүн үйрөнүштү.

Балким сиз бул жаңы топту алып кете турган негизги жолдоочу, Тиметейиңизди аныктадыңыз. Ага жаңы көбөйүүчү коомчулукту баштоо үчүн 1-4чү кадамдарды аткарууга жардам бериңиз!

Кудай сизди улуу падышалыгын жайылтууга катыштырарына Ага ишеним артканда Ал сизге батасын берсин деп сыйынабыз!

ЖАҢЫ БАШТАЛГАН ТОП ЖАРАЯНДЫ КАЙРА БАШЫНАН БАШТОО ҮЧҮН БУЛ КИТЕПТИН БИРИНЧИ БАРАГЫНАН БАШТАШЫ КЕРЕК!
БУЛ ТОПТО КАЛГАНДАР 18-САБАКТЫ ЖАНА АНДАН КИЙИНКИЛЕРДИ УЛАНТЫШЫ КЕРЕК!

# 18-үзүндү: Чырак жөнүндө ибарат (Лука 8:16-18)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Жарык эмне кылары жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Жарык жок болсо, биз күн киргенден кийин эмне кыларыбызды билмек эмеспиз. Биз караңгылыктан коркуп жашамакпыз. Биз жарыксыз кайда бара жатканыбызды көрө алмак эмеспиз. Жарык бизге алдыдагы коркунучтарды эле эмес, биз сүйүктүүлөрүбүздү жана айлана чөйрөбүздү көрсөтүп, тынчтык берет. Жарыксыз жашоо кандай болот эле? Дайыма караңгылыкта болгон жерде жашоо кандай болорун элестетип көрсөңүз!

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса кабарларында баары билген мисалдарды көп колдонгон. Бул бизге Ал тууралуу кандай кабар берет?
3. Жарыкты мисалы менен адамдардын чындыкты таануусунун кандай байланышы бар? Ыйса жарык тууралуу айтканда, ким тууралуу айткан?
4. Ыйса «Ачыкка чыкпай турган жашыруун нерсе болбойт» дегенде эмнени айткысы келген деп ойлойсуз? Ал кайсы окуяга кайрылып жатат?
5. Эмнеге Кудай адамдарды соттойт? Буга кандай себеп бар?
6. Ал «ага дагы берилет» дегени эмнени билдирет? Бул машайакчылардын асманга кете электеги жашоосуна кандайча тийиштүү?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Эгер бүгүн Кудайдын алдына барып, кандай жашаганыңызды түшүндүрүш керек болсо эмне дейт элеңиз?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 19-үзүндү: Ыйса бороонду тынчтандырат (Лука 8:22-25)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Сиз өмүргө коркунуч туудурган жагдайда болуп көрдүңүз беле? Бороон, сел, өрт, жол кырсыгы, согуш же катуу ооруу сыяктуу? Эгер болсоңуз, окуяңызды жана ал сиздин жашооңузга кандай таасир тийгизгенин тобуңуз менен кыскача бөлүшүңүз.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса деңизде катуу бороон болуп жатканда кайыктын артында уктап калганы Ал тууралуу кандай кабар берет деп ойлойсуз?
3. Эгер сиз бороон болуп жатканда кайыкта болсоңуз өзүңүздү кандай сезет элеңиз? Сиз кандай сезимдерге ээ болмоксуз?
4. Ыйсанын айтканы боюнча шакирттердин жашоосунда эмне жок болгон?
5. Ыйсанын сөз менен бороонду тынчытканы Ал тууралуу кандай кабар берет?
6. Шакирттер чындап Ыйсага ишенсе, алар бороон болгондо кандай иш-аракет кылышмак?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Ыйса бороон болгондо уктап калганы аркылуу Өзү адам экенин көрсөтөт, анткени Ал кызмат кылып жүрүп чарчаган. Ооба, Ыйса Машайак экенин бороонду тынчытканы аркылуу далилдеген. Ыйса шакирттер Анын аларга кам көрө аларын билет деп ойлогон. Ошондой эле шакирттер Мага ишенет деп күткөн.

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

Алдыны кароо

# 20-үзүндү: Жин оорулууну айыктыруу (Лука 8:26-39)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген керүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ар бир машайакчынын жоопкерчиликтеринин бири – башкаларга Ыйса жөнүндө айтып берүү. Муну ар түрдүү жолдор менен ар түрдүү жагдайларда кылса болот. Ыйса “Баргыла да, шакирт кылгыла” дегенде Улуу Тапшырманын ушул бөлүгүн айткан. Шакирт кылуунун биринчи бөлүгү кимдир бирөөгө Ыйса тууралуу айтып берүү. Бул окуяда Ыйса тайманбастык менен башкалардын баары таштап кеткен адамга жакындайт. Ал жиндердин үстүнөн бийлиги бар экенин көрсөтүү аркылуу Кудайдын Уулу экенин далилдейт.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Жиндер Ыйсаны ким деп атаган? Бул алардын Ыйсанын ким экенин билгени тууралуу кандай кабар берет?
3. Жиндер өздөрү ээлеп алган адамга кандай таасир этишкен?
4. Эмне үчүн жиндер чочколорго барууну суранышкан? Бул бизге жиндер тууралуу кандай кабар берет?
5. Болгон окуяны көргөндөр кандай мамиле кылышкан? Алар Ыйса тууралуу кандай ойдо болушкан деп ойлойсуз?
6. Жиндер адамдан чыгып кеткенден кийин ал адам эмне кылды? Сиздин оюңузча Ал Ыйса тууралуу кандай ойдо болгон? Ыйса ага эмне кыл деди?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сиз эмнелерден коркосуз? Ыйса сизге коркунучту жеңүүгө кандай жардам бере алат?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 21-үзүндү: Ыйсанын 5000 адамды тойгузушу (Лука 9:10-17)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйса Жерге биздин күнөөлөрүбүздү кечирүү аркылуу Кудай менен мамилебизди калыбына келтирүү максатында келген. Бирок Ыйса биздин денелик муктаждыктарыбыз тууралуу да кам көрөт. Ал биздин муктаждыктарды дайыма биз каалагандай толтурбайт, анткени биздин Ага дагы көбүрөөк ишеним артууну үйрөнүшүбүздү каалайт. Ыйса биз башкаларга денелик жана руханий жактан кам көрүшүбүз керектигин түшүнүшүбүздү каалайт. Бул окуяда Ыйса кереметтүү түрдө шакирттерине жана дагы 5000 адамга кам көрөт!

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Шакирттер эмне тууралуу тынчсызданышкан жана Ыйсанын көңүлүн эмнеге бурушкан?
3. Ыйса шакирттерине берген жообу аркылуу эмнеге жетүүнү каалаган?
4. Алардын жообу алар бул жагдайга кандай караганы тууралуу эмнени айтып турат?
5. Ыйсанын аз тамакты көбөйтүп, миңдеген адамдарды тойгуза алганы Ал тууралуу кандай кабар берет?
6. Шакирттер ашкан тамакты жыйнап алганы аркылуу эмнени үйрөндү деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сиздин муктаждыктарыңыз сиздин каражаттарыңызга караганда бир топ чоң болгон учурда эмне кыласыз?

Көйгөйлөрдүн болгону бизге оор учурларда Ыйсага ишеним артканды үйрөтөт.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 22-үзүндү: Петир Ыйсанын Машайак экенин жарыялайт (Лука 9:18-20)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашоoңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Акыр-аягы ар бир адам Ыйса жөнүндө эмнеге ишенерин тандашы керек болот. Көп адамдар жигердүү тандоо кылбастан, чечим чыгаруудан качышат. Алар Ыйса тууралуу чечимдерди чыгарбай, жашоосун кайдыгерлик менен өткөрүү чечимин чыгарышат. Кээ бирөөлөр: "Ооба, мен Аны ээрчийм", – дешет, башкалары: "Жок, Аны жакшы адам деп ойлойм, бирок мен өзүм каалагандай жашай берем", – дешет. Бул үзүндүдө Петир өзү жеке чечим чыгарышы керек болгон.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Петирдин көргөнү жана укканы Анын Ыйсаны ким деп жарыялаганына кандай таасир тийгизген?
3. Эмнеге Ыйса сыйынууга ушунча көп убакыт бөлгөн? Бул Анын жолдоочуларына кандай үлгү боло алат?
4. Калың эл Ыйсанын ким экенин билбегени алар тууралуу кандай кабар берет?
5. Калың эл Ыйсаны ким деген?
6. Эмне үчүн Петир Ыйсанын ким экенин билген, ал эми калың эл билген эмес деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Башка адамдар сиздин Ыйсага болгон көз карашыңызга кандай таасир тийгизген? Сиз Ыйса ким экенин кантип чечтиңиз?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 23-үзүндү: Толук өзгөрүлүү (Лука 9:28-36)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Жашоо тууралуу өздөрүнүн ойлоруна ээ болгон ушунчалык көп адамдар бар. Дүйнөдө ушунчалык көп диндер бар. Жашоонун маңызын кантип тапса болору тууралуу жеткиликтүү болгон ушунчалык көп маалымат бар. Биз эмнеге ишенишибиз керектигин билүү үчүн каякка кайрылышыбыз керек? Жашоо тууралуу эң чоң суроолордун жообун табуу чындыгында оңой: Ыйсаны угуңуз. Эмне үчүн? Буга Анын айткан сөздөрү, кылган иштери себеп болот жана, эң маанилүүсү, Ал өлүмдөн тирилген жалгыз адам болгон. Ыйса – жашоо жөнүндө суроолорубуз пайда болгондо угушубуз керек болгон жалгыз Бирөө.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Биз бул жердер кайрадан Ыйсанын сыйынып жатканын көрөбүз. Ыйса эмне тууралуу сыйынып жаткан деп ойлойсуз?
3. Ыйсанын толук өзгөрүлүүсү Ал тууралуу эмнени билдирет? Анын көрүнүшүн сүрөттөө үчүн кандай сөз колдонулган?
4. Эмне үчүн Муса менен Илияс Ыйса менен бирге болгон деп ойлойсуз? Алар Ыйса менен эмне тууралуу сүйлөшкөн?
5. Петир Ыйсаны Муса жана Илияс менен бирге көргөндө анын реакциясы кандай болгон? Сиздин реакцияңыз кандай болмок?
6. Эмнеге Кудай шакирттерди Ыйсаны угууга багыттаган?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Ыйса тез-тез сыйынып турууга муктаж болсо, биз ага караганда канчалык көбүрөөк сыйынып турушубуз керек?
Өзүңүздүн сыйынуу жашооңузга канааттанасызбы? Сыйынууга көбүрөөк убакыт бөлгүңүз келеби?
Сизге көбүрөөк сыйынууга эмне тоскоолдук кылат?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 24-үзүндү: Ыйсанын баланы кара күчтөн арылтышы (Лука 9:37-45)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ар бир адам кандайдыр бир ишенимге ээ. “Сиз ишенимге ээсизби?” деген суроо эмес, “Кимге ишенесиз?” деген суроо маанилүү. Ар бир машайакчы ишенимде руханий саякатта жүрөт, бул саякат Ыйсадан башталат. Ар бир адам Ыйса менен рухий саякатында ар башка жерде жана ишенимдин ар башка деңгээлдерин көрсөтөт. Биздин ишенимибиз эч качан жеткилең болбойт, бирок ал мол боло алат. Биздин сыйынууларыбыздын бири “Теңир менин ишенимимди көбөйтчү!” деген сыйынуу болушу керек.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса: «Ишенимсиз, таш боор муун» дегенде ким тууралуу айткан? Ал эмнени сындаган?
3. Кара күч эмне үчүн балага ушундай мамиле кылган? Бул бизге шайтандын жана анын жиндеринин инсандыгы жана мүнөзү тууралуу кандай кабар берет?
4. Ыйса бул рухту дароо кубалап баланы айыктырып коё алганы Ал тууралуу кандай кабар берет?
5. Бул кереметтерди көргөндөрдүн мамилеси кандай болгон?
6. Алардын мамилеси алардын Ыйсага ишеними кандай болгонун билдирет?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Азыркы учурда жашооңузда сизди баарынан эмне көп тынчсыздандырат?
Ыйса сизге бул абалда кандай жардам бере алат деп ойлойсуз?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 25-үзүндү: Теңирдин сыйынуусу (Лука 11:1-4)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү – Сиз кантип толук ишенүү менен сыйына аласыз

«Сыйынуу – бири-бирин сүйгөн экөөнүн – Кудай менен адамдын ортосундагы сүйлөшүү» деген сөз бар. Жөнөкөй сөз менен айтканда, сыйынуу – бул Кудай менен сүйлөшүү. Бирок сыйынуу деген жөн эле сөздөрдөн бир топ жогору. Бул – Кудайга жүрөктүн абалын жеткирүү. Бул – иш-аракетке караганда, мамилелешүү тажрыйбасы. Кудайдын баласы катары сиз Анын алдына тайманбастан сыйынууда келүүгө чакырыласыз.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса сыйынынып бүткөндөн кийин эмнеге шакирттердин бири сыйынууну үйрөтүүнү суранган деп ойлойсуз?
3. Ыйсанын айтканы боюнча биз кимге сыйынышыбыз керек? Эмне үчүн бул маанилүү?
4. Ыйса: «Сенин Падышалыгың келсин» дегенде келечекте эмне болорун билдирген?
5. Ыйсанын Кудайдан: «Күнүмдүк наныбызды бер», – деп сураганы эмнени билдирет? «Күнүмдүк» деген сөздүн мааниси кандай деп ойлойсуз?
6. Эмне үчүн Ыйса Кудайдан кечирим суроону бизге каршы күнөө кылгандарды кечирүүбүз менен байланыштырат деп ойлойсуз?
7. Эмне үчүн кээде бизди жаралаган же туура эмес иш кылгандарды кечирген кыйын деп ойлойсуз?
8. Кудай бизге азгырык учурунда кандай жардам бере алат?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Сыйынуу – машайакчы катары биздин артыкчылыгыбыз. Биз Кудай менен мамилелешүү үчүн сыйынабыз. Биз Кудайга муктаждыктарыбызды жана каалоолорубузду билдирүү үчүн сыйынабыз. Биз тынчсызданган жана корккон нерселерди Ага алып келүү үчүн сыйынабыз. Биз Кудай биз кам көргөндөргө жардам берсин деп сыйынабыз. Биз Кудай башкаларга жакшы кабарды түшүнүп, Машайакка келгенге жардам берсин деп сыйынабыз. Кудай бизге үзгүлтүксүз сыйынгыла деген. Биз Атага Теңир Ыйса Машайактын атынан, Ыйык Рухтун кызматы аркылуу сыйынабыз. Биз Кудайга суктануу, жарыялоо, ыраазычылык жана жалынуу менен сыйынабыз. Биз Анда болсок, кайраттуулук менен сыйына алабыз.

Алдыны кароо

## Киришүү – Сиз кантип толук ишенүү менен сыйына аласыз

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

## 26-үзүндү: Сыйынуу жана ишеним тууралуу окутуу (Лука 11:9-13; 12:22-30; 17:5-6)

Артты кароо

### Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

### Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

### Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

### Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

### Киришүү - Биз кантип Ыйык Рухка толо аласыз?

Сыйынуу жана ишеним тууралуу окутууда Ыйса жуп сөздөрдү колдонот: “сураса/берилет, “издесе/табылат”, “тыкылдатса/ачылат”. Ал биз сурасак, Ата бизге Ыйык Рухтун толуктугун бергиси келгенине өзгөчө көңүл бурат. Шакирттер Ыйык Рухка толгондо, аларды коркок адамдардан Машайактын көрүнүктүү күбөсү кылган Кудайдан адаттан тыш күчкө ээ болгон. Эми ушул эле күч – Ыйык Рухтун күчү сизди Ыйса Машайак үчүн ыйык жана жемиштүү жашаганга жөндөмдүү кыла алат.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса сыйынуу угулушу үчүн кандай шарттарды коёт? Эмне үчүн Кудай жооп бербей турган сыйынуулар болушу мүмкүн? Мисал келтириңиз.
3. Ыйса: «силер жаман болуп туруп» дегенде эмнени айткысы келген? Эмнеге адамдар жакшы да, жаман да болушу мүмкүн?
4. Библияңыздан Эфестиктерге 5:18ди окуңуз. Кудай бизге бул үзүндүдө кандай буйрук берет?
5. Эмнеге бизге Ыйык Рухтун күчүнө ээ болгонубуз маанилүү деп ойлойсуз?
6. Ыйык Рухтун күчү машайакчылардын жашоосунда кандайча көрүнүшү керек?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

### Корутунду

Ыйык Рух – Кудайдын Өзү. Сиз Машайакты Куткаруучуңуз катары кабыл алганда Ал сиздин ичиңизде жашоо үчүн келген. Ыйык Рух Машайакты даңктоо үчүн жана ишенүүчүлөрдү бардык чындыкка жетектөө үчүн келген. Ыйык Рухка толуу Машайакка толууну билдирет. Биз ишеним менен Ыйык Рухка толобуз. Биринчиден, биз Теңирге жаккан өмүр сүрүүнү каалашыбыз керек. Экинчиден, биз толугу менен жашообузду Ага багындырышыбыз керек. Үчүнчүдөн, Кудай бизге эстеткен ар бир күнөөнү мойнубузга алышыбыз керек. Андан кийин Кудай бизди Ыйык Рухуна толтурарына жана бизге даярдаган өмүрдү сүрүү үчүн күч берерине ишеним артышыбыз керек.

---

Алдыны кароо

### Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 27-үзүндү: Ким аркылуу азгырык келсе, ошол адамга кайгы (Лука 17:1-4)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Бул өтө кыска үзүндү, бирок анын кабары өтө маанилүү. Ал күнөө маселесин жана башкалар менен болгон мамилебиздин маселесин чечет. Ыйса азгырыктар сөзсүз келерин, бирок алар ким аркылуу келсе ошолорго кайгы экенин айтат. Библияңыздан Лука 17:1-4тү ачыңыз жана Ыйсанын бул үзүндүдө айткан сөздөрүн окуңуз.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса: «Азгырыктар келбей койбойт» дегенде эмнени айткысы келген? Бул биздин жашообуз тууралуу эмнени айтат?
3. Ыйса башкаларды күнөөгө түрткөндөр тууралуу эмне дейт? Бул Ыйсанын адамдарды жана мамилелерди баалаганы тууралуу кандай кабар берет?
4. Ыйса «кичинелердин бири» дегенде ким тууралуу айткан деп ойлойсуз? Эмне үчүн бул маанилүү деп ойлойсуз?
5. Биз кимди “күнөөгө түртүшүбүз” мүмкүн? Мисалдарды келтириңиз.
6. Бир туугандарыбыз бизди күнөөгө түртсө, эмне кылышыбыз керек?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сизге туура эмес мамиле кылгандарды кечирүү кыйын болду беле? Эмнеге же эмнеге андай эмес?

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

Алдыны кароо

**28-үзүндү: Кошулган эмес.**

**Бул абдан кыска үзүндүдө библиялык окутуу жок.**

**29-үзүндүгө өтүңүз.**

# 29-үзүндү: Ыйса күнөөкөрлөр менен убакыт өткөрөт (Лука 5:29-32)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Биз өзүбүзгө окшош адамдар менен убакыт өткөрүүгө умтулабыз. Биз өзүбүзгө окшошпогон адамдардан, өзгөчө «начар» деп эсептелген адамдардан алыс болобуз. Биз алар менен кантип сүйлөшүүнү билбешибиз мүмкүн. Биз алардын жанында өзүбүздү кантип алып жүрүштү билбешибиз мүмкүн. Башкалар бизди алардын жанында көрүшүн каалабай, алардын арасында өзүбүздү ыңгайсыз сезебиз. Бирок Ыйса «күнөөкөр» адамдардын жанында болгондо Өзүн ыңгайсыз сезген эмес. Чынында, Ал коомдон четтетилгендер; салыкчылар, оорулуулар, сокурлар, чет элдиктер, пес оорулуулар, атүгүл сойкулар менен көп убакыт өткөргөндөй сезилет.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге фарисейлер Ыйсанын «күнөөкөрлөр» менен тамактанганын туура эмес көрүшкөн?
3. Ыйсанын «соо адамдар» дегени эмнени билдирет деп ойлойсуз? Ал кимдер тууралуу айткан?
4. Ал «оорулуулар» дегенде кимдер тууралуу айткан деп ойлойсуз? Ал «оорулуу» деген сөздү колдонуу менен эмнени айткысы келген?
5. «Тобо кылуу» деген сөз эмнени билдирет деп ойлойсуз? Биз бул сөздү мындан мурун кайдан укканбыз? (убакыт болсо 4-сабакты кайра караңыз)
6. Эмне үчүн фарисейлер салыкчыларды «күнөөкөр» деп эсептеген?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сиздин маданиятыңызда кайсы адамдар коомдон четтетилген адамдар деп эсептелет?
Сиздин маданиятыңызда «күнөөкөр» деп эсептелген адамдарга кандай мамиле кылышыңыз керек?

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 30-үзүндү: Ишемби күнү айыктыруу (Лука 13:10-17)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашоолордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмне үчүн Петир Ыйсаны тааныганын танып кеткен деп ойлойсуз?
3. Эмне үчүн Петирдин баш тартканы биз… биздин жүрөктөрүбүз, сезимдерибиз жана каалоолорубуз тууралуу үйрөтөт деп ойлойсуз?
4. Ыйса Петир үч жолу Андан баш тартарын айтат. Бул бизге Ыйса тууралуу эмнени айтат?
5. Ыйса Петир Андан баш тартса да аны четке какпаганы Ал тууралуу эмнени үйрөтөт? Петир акыр аягы алгачкы жыйында негизги жетекчи болуп калганы эмнени көрсөтөт?
6. Буга чейин 14-үзүндүдөгү «Рухий дем алуу» жөнүндөгү сабакты эстеңиз. Биз аны бул сабактагы Петирдин жагдайына карата кантип колдонсок болот?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Өзүңүз жасаган абдан жаман нерсе жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Ыйса сизди кылган ишиңиз үчүн кечирет деп ойлойсузбу? Кечирсе, эмне үчүн? Кечирбесе, эмне үчүн?

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 46-үзүндү: Ыйсанын шылдыңдалышы жана суракка алынышы (Лука 22:63-71)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Луканын бул бөлүгү Ыйсанын римдиктердин да, жүйүттөрдүн да колуна түшүп, кемсинтилиши менен башталат. Ал Өзүн коргоо жана куткаруу үчүн миңдеген периштелерди чакыра алса да, мындай мамилеге макул болот, анткени бул Кудайдын адамзатты куткаруу планынын бир бөлүгү болгон.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге Ыйса Өзүнө кылынган ырайымсыздыкты токтотуу үчүн эч нерсе кылган эмес деп ойлойсуз?
3. Сакчылар Ыйсага кандай мамиле кылган? Эмнеге алар Ага ошондой мамиле кылган деп ойлойсуз?
4. Диний жетекчилер Ыйса чын эле Машайак экенин билгиси келген деп ойлойсузбу? Эмнеге алар Ага бул суроону беришкен?
5. Бул үзүндүдө Ыйсаны сүрөттөө үчүн бир нече наамдар колдонулат. Алардын ар бири Ал тууралуу эмнени билдирет деп ойлойсуз?
6. Тасманын бул үзүндүсүнүн аягында диний жетекчилер Ыйсага акыркы суроону берет. Ыйса аларга кандай жооп берет? Бул Ал тууралуу кандай кабар берет?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Жашооңузда азап чеккен мезгил тууралуу ойлонуп көрүңүз. Сиз буга кандай мамиле кылгансыз? Сиз адатта чеккен азабыңыз менен кантип күрөшөсүз?
Башыңыздан өткөргөн азап-кайгыдан Кудайдын кандай жакшылык алып келгени тууралуу мисалдар менен бөлүшө аласызбы?

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 47-үзүндү: Ыйсанын Пилатка алып келиниши (Лука 23:1-5)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Машайакчылыктын саясатка тиешеси жок. Ошентсе да, дүйнө жүзүндө көп машайакчылар кээ бир саясий партиялар башкаларга караганда көбүрөөк колдоого татыктуу деп ойлошот. Кылымдар бою адамдар Ыйсаны ар кандай саясий маселелер боюнча позицияларын колдоо үчүн колдонууга аракет кылышкан. Бирок Ыйса саясий пайда табуу үчүн келген эмес. Ал тескерисинче адашкандарды таап, куткаруу үчүн келген (Лука 19:10).

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге диний жетекчилер Ыйсаны Пилатка алып келиши керек болгон? Алар Ыйсаны эмне кылды деп айыпташкан?
3. Ыйса саясий мааниде Өзүн падыша деп жарыялаганбы? Эмнеге диний жетекчилер Ыйсаны Пилаттын алдында ушу нерседе айыптаган?
4. Ыйсадан Кудайдын Уулусуңбу деп сураганда, Ал эмне деп жооп берген? Эмнеге Ал ушундай деп жооп берген? Бул үзүндүнүн ортосунда Пилат Ыйса тууралуу кандай жыйынтык чыгарат? Жүйүт жетекчилери кандай жооп беришти?
5. Эмнеге Пилат Ыйсаны Иродко жиберүүнү чечкен? Бул Пилаттын мүнөзү тууралуу кандай кабар берет?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Ыйса биздин жашообузду башкарууну каалайт. Чынчылдык менен жооп берсеңиз, жашооңузду канчалык деңгээлде Ага жетектегенге жол бересиз?

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 48-үзүндү: Ыйсанын Иродго алып келиниши (Лука 23:6-12)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ирод Пасахты майрамдоо убагы болгондуктан Иерусалимде болчу. Ал Ыйса өсүп чоңойгон Назарет шаары жайгашкан түндүк Израилдеги Галилея аймагынын падышасы болгон. Ирод римдиктердин уруксаты менен гана башкарган. Ыйса өлүп тирилгенден кийин Ирод машайакчылыкты негизги куугунтуктоочу болуп, акыр-аягы элчи Жакыпты өлтүрткөн. Пилат Ыйсаны ага жибергенге чейин Ирод Ыйсага жолугуп көргөн эмес. Ирод текебер адам болгон, ал адамдардын даңазалоосун кабыл алып жатканда Кудай ага өлүм жиберген (Эл.иштери 12:21-23тү караңыз).

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге Ирод Ыйсаны көргүсү келген? Ирод Ыйсанын ага эмне кылып берүүсүн каалаган?
3. Эмнеге кээ бир адамдар Ыйсага керемет кылдыруу үчүн гана Ага жолугууга кызыкдар деп ойлойсуз? Бул алардын жүрөктөрү кандай экенин билдирет?
4. Эмне үчүн Ыйса Иродко жооп берген эмес деп ойлойсуз?
5. Ыйса Иродко жооп бербегенде ал эмне кылды?
6. Эмнеге Ирод Ыйсаны кайра Пилатка жиберди деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Эмнеге сиз Ыйсаны ээрчип жүрөсүз? Чындап эле Ал Теңир болгону үчүн жана бардык даңк менен урмат-сыйга татыктуу болгону үчүнбү? Же сизге бир нерсе кылып бериши үчүнбү? Сиз Кудайга жагууга караганда башкаларга жагынууну каалаган учурлар болду беле? Кээ бир мисалдарды бөлүшө аласызбы?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 49-үзүндү: Ыйса өлүм жазасына тартылат (Лука 23:13-25)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Кээде айланадагы адамдар бизди кайсы бир иш-аракетти кылууга мажбурлашы мүмкүн. Мындай кысым биз башкалар кандай ойдо болот деп коркуп, туура деп эсептеген ишти кылбаганыбызга таасирин тийгизет. Бул коркунуч биз башка учурда кылбай турган ишти кылууга же кыла турган ишти кылбоого алып келет. Пилат корккондуктан Ыйсага ошондой мамиле кылгандай сезилет. Лука 23:20да Пилат Ыйсаны коё бергиси келгени айтылат, бирок калың эл катуу талап кылгандыктан, ал элдин айтканын кылган.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Пилат жана Ирод Ыйсага кандай өкүм чыгарышкан? Алар тыянактарын эмнеге негиздеген деп ойлойсуз?
3. Эмнеге Ирод менен Пилат жүйүт жетекчилери Ыйсага таккан айыпка ишенишкен эмес? Бул жүйүт жетекчилери тууралуу бизге кандай кабар берет?
4. Эмнеге Пилат жүйүт жетекчилерине жана элге Бараббаны бошотуп берген?
5. Пилат Ыйсаны бошотууну каалаган, бирок андай кылган эмес. Аны жүйүттөрдүн Ыйсаны айкаш жыгачка керүү өтүнүчүн орундатканга эмне ынандырган? Пилат өзүн кандай сезген деп ойлойсуз?
6. Эмне үчүн Ыйса Пилатты же жүйүт жетекчилерин токтотуу үчүн эч нерсе кылган эмес? (Матай 26:52-54тү караңыз)

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Коркунуч сизге кандай таасир берет деп ойлойсуз? Бөлүшүү үчүн мисалдарды эстей аласызбы?
Сиз адатта коркунучтарды кантип жеңесиз? Кудай сиз коркунучтарды эмне кылышыңызды каалайт деп ойлойсуз?

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 50-үзүндү: Ыйсанын Өз айкаш жыгачын көтөрүшү (Лука 23:26-31)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Бул үзүндүдө Ыйса Өзү кериле турган айкаш жыгачты көтөрөт. Бул библиялык китептин адам автору Лука

Ыйсанын калың элди аралап өлүмүнө карай бара жаткан жолу менен бир нече күн мурун Иерусалимге «салтанаттуу кирүүсүнүн» айырмасын баса белгилегиси келгени шексиз.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Эмнеге Ыйса айкаш жыгачын күнү бою көтөрүп жүрө алган эмес деп ойлойсуз? Бул римдиктердин Ага кылган мамилеси жөнүндө кандай кабар берет?
3. Киринеялык Шымон Ыйса айкаш жыгачын көтөрө албай калганда мажбурлап көтөртүп коюшкан адам экени белгилүү. Шымон Ыйсанын айкаш жыгачын көтөрүп бара жатканда кандай сезимдерге ээ болду деп ойлойсуз?
4. Ыйсаны карап турган аялдар кандай реакция кылышкан? Алар кандай сезимдерге ээ болгон деп ойлойсуз?
5. Эмне үчүн Ыйса аялдарга Ал үчүн эмес, өздөрү үчүн ыйлашы керектигин айткан?
6. Бул окуяда Машайактын сүйүүсү кандайча көрсөтүлгөн деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сиздин оюңузча, денелик азап чеккен оңойбу же өтө катуу эмоционалдык азап чеккен оңойбу? Түшүндүрүп бериңиз.

Библиянын башка аяттарында киринеялык Шымон Александр менен Руттун атасы экени айтылат. Бул алгачкы жыйын аларды тааныган болушу мүмкүн экенин билдирет. Көбүнчө теологдор бул алардын машайакчы болуп калганын билдирет деген ойдо. Сиз өзүңүздү Ыйсаны ээрчүүгө арнаганыңыз үй-бүлөңүзгө кандай таасир тийгизди?

---

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

Алдыны кароо

# 51-54-үзүндү: Ыйсанын айкаш жыгачка керилиши (Лука 23:32-43)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

*Бул сабакта «ЫЙСА» тасмасынан «Ыйсанын айкаш жыгачка керилүүсү», «Аскерлердин Ыйсанын кийими үчүн өкчөмө таш ыргытышы», «Айкаш жыгачтагы жазуу» жана «Айкаш жыгачка керилген кылмышкерлер» деген үзүндүлөр колдонулат*

## Киришүү

Кечирүү кыйынга турушу мүмкүн. Кимдир бирөө бизди жаралаганда, биз кайгы, жоготуу, ачуулануу, кээде ызалануунун сезишибиз мүмкүн. Жараланганда табигый реакция өч алууну каалоо болот.

Бирок Ыйса айкаш жыгачта Өзүн кергендерди кечирет. Жашообузда бизди жаралагандарды кечирүү бизди бошотот. Башкалардын бизге терс таасир тийгизүүсүнө жол берген болсок, кечирим ошону токтотуп, Кудай менен тынчтыкка алып келет. Биз Ыйсанын үлгүсүн жолдойлу!

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйсанын айкаш жыгачтагы биринчи сөздөрү кечиримди камтыган. Ыйса кимге кайрылып жаткан деп ойлойсуз? Бул Ыйсанын сүйүүсү тууралуу кандай кабар берет?
3. Адамдар: «Ал башкаларды куткарды… анда Өзүн куткарсын», – дегенде эмнени айткысы келген деп ойлойсуз? Ыйса айкаш жыгачтан түшүп келсе, адамдар Ага ишенмек деп ойлойсузбу? Эмнеге ооба же эмнеге жок?
4. Каракчынын Ыйсадан: «Падышачылыгыңа барганда мени эстей көр», – деп суранганы эмнени билдирет деп ойлойсуз?
5. Ыйсага ишенерин көрсөткөн каракчынын окуясы башка бардык адамдар Ыйсага кандай жол менен келерине кандай үлгү боло алат?
6. Карап тургандар Ыйса Машайак экенин айткысы келгенин түшүнгөн. Алар Ыйсаны айкаш жыгачтан көргөндө эмне тууралуу ойлонгон дейсиз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сизге адамдарды кечирүү кыйынбы? Сизге кандай таарынычтарды кечирүү баарынан кыйын? Ыйсанын кечирген үлгүсү сизге кандайча жардам бере алат?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 55-үзүндү: Ыйсанын өлүмү (Лука 23:44-49)

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Артты кароо

---

## Киришүү

Байыркы Келишимде Израил эли Кудайга ибадаткана аркылуу келген. Алар ибадатканада курмандыктарын алып келип, чогуу Кудайга табынышкан. Жылына бир жолу «Башкы дин кызматчы» (башка бардык дин кызматчылардын башчысы) ибадатккананын төрүндөгү «Ыйыктын ыйыгы» деп аталган бөлмөгө өзгөчө курмандык менен кирген. Бул курмандык элдин күнөөсүн тазалаган (жаап койгон). Ыйыктын ыйыгы ибадатккананын башка бөлмөлөрүнөн чоң көшөгө менен бөлүнүп турган. Бүгүнкү үзүндүдө Ыйса өлгөндө көшөгө айрылып кеткенин көрөбүз. Бул эми Кудайга жол дин кызматчы алып келген курмандык аркылуу эмес, Ыйса аркылуу гана болорун көрсөтөт.

Жогору кароо

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса өлөрдүн алдында жерди үч саат бою караңгылык каптайт. Бул караңгылык эмнени билдирген деп ойлойсуз?
3. Ыйса: «Жанымды сенин колуңа тапшырамын», – дегенде эмне жөнүндө ишарат кылган деп ойлойсуз?
4. Ыйсаны карап турган адамдардын реакциясы кандай болгон?
5. Ыйсанын өлгөнүн карап турган Аскер башчысынын реакциясы кандай болгон? Ал Ыйсага ишенип калды деп ойлойсузбу?
6. Жүйүт жетекчилери Ыйсаны четке какса да, эмне үчүн аскер башчы Аны «адил адам» деп кабыл алган? Биз мындан эмнени үйрөнө алабыз деп ойлойсуз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Ыйса айкаш жыгачта өлгөнү менен Кудайга канчалык ишеним артканын көрсөтөт. Анын Кудайга ишеним артканы бизге кандай үлгү боло алат?

---

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

Алдыны кароо

# 56-үзүндү: Ыйсанын көргө коюлуусу (Лука 23:50-56)

Арттагы кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйса өлгөндөн кийин Жусуп аттуу адам Пилаттан Ыйсанын денесин көргө коюга уруксаат берүүнү суранган. Ал Ыйсаны айыптаган кеңештин мүчөсү болгон, бирок алардын чечимине макул болгон эмес. Жакандын китебиндеги жарыш үзүндүдө Жусуп жүйүт жетекчилеринен корккондуктан, «жашыруун» шакирт болгону тууралуу кызыктуу түшүндүрмө берилет (Жакан 19:38ди караңыз). Ошентсе да, Ыйса өлгөндөн кийин ал кайраттуулук көрсөтүп, Пилатка барып Ыйсанын сөөгүн коюуга уруксат алган.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Бул окуяда Жусуп кандай сүрөттөлөт? Эмне үчүн ал Ыйсаны айыптаган жүйүттөрдүн кеңешине кошулган эмес деп ойлойсуз?
3. Жусуп Ыйсанын айкаш жыгачка керилгенин көргөндө өзүн кандай сезген деп ойлойсуз?
4. Жусуп Ыйсанын денесин кайда алып барган? Ал Ыйсанын денесин көргө коюу үчүн аны кандай даярдаган?
5. Ыйсаны көргө коюп жатканда кимдер чогуу болгон? Бул эмне үчүн маанилүү болгон?
6. Сиз Ыйсаны ээрчип жүргөн аялдардын арасында болсоңуз өзүңүздү кандай сезмексиз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Ыйсанын «жашыруун шакирти» өзүн кандай алып жүрөт?

Ыйсанын «жашыруун шакирти» сыяктуу иш-аракет кылууга азгырылып көрдүңүз беле? Мисал менен бөлүшө аласызбы?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 57-үзүндү: Көрдүн жанындагы периштелер (Лука 23:56-24:7)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору кароо

## Киришүү

Жетинчи күнү таң заардан көргө келген аялдар Ыйсанын денесин майлоого жыпар жыттуу заттарды алып келүү үчүн ишемби күн бүткүчө күтүшкөн. Анткени аларга «Эс алуу» күнү (алтынчы күн – жүйүттөр табынган күнү) иш кылууга тыюу салынган. Алар күтүүгө мажбур болгон күнү бою эмне жөнүндө ойлонду дейсиз? Алар үмүтүн жоготконбу? Алар Машайак экен деп ойлогон Ыйсага эмне болгонун билүүгө аракет кылганбы? Жетинчи күнү эрте менен көргө баратып алар эмне тууралуу ойлонгон болушу мүмкүн?

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ошол жетинчи күнү аялдар эмне кылууну көздөгөн деп ойлойсуз?
3. Алар көргө келгенде эмнени көрүштү? Көрдүн ичинен эмнени көрүштү? Алардын реакциясы кандай болду деп ойлойсуз?
4. Аялдар таң калып турганда эки periште пайда болот. Алар периштелерди көргөндө эмне кылышкан?
5. 5. Периштелер аялдарга эмне дешкен? Аялдар периштелердин айтканына кандай реакция кылышкан?
6. Ыйса жолдоочуларына өлүп кайра тирилерин кайра-кайра айткан. Бирок аялдар муну түшүнбөгөндөй сезилет. Алар периштелерге жолуккандан кийин эмне өзгөргөн?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сиз алгач Ыйсанын тирилүүсү тууралуу укканда эмне деп ойлогонуңуз эсиңиздеби?
Бул окуянын кээ бир жерлерине ишенүүгө кыйын болгон учурлар болду беле?
Азыр да анын кайсы бир бөлүктөрүнө ишене албай кыйналасызбы?

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 58-үзүндү: Бош көр (Лука 24:9-12)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Ыйсанын тирилүүсү дүйнө тарыхындагы эң маанилүү окуя болуп калганы анык.

Тирилүү болбосо, Ыйса кадимки эле адам болмок. Чынында тирилүү болбосо, Ыйса акылынан айныган адам болмок. Анткени Ал жашаган убакта шакирттерине өлүмдөн тирилерин кайра-кайра айткан жана Кудайдын Уулу жана адамзаттын Куткаруучусу экенин жарыялаган. Тирилүү болбосо, Ыйсанын билдирүүлөрү акылынан айныган адамдын ырастоолору болмок. Бирок өлүмдөн тирилүү аркылуу Ыйса Өзү жарыялагандай толук Кудай жана толук адам экенин чындап далилдеген.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйсанын көрү бош экенин көргөндө аялдар биринчи эле эмне кылышкан? Бул алар өздөрүн кандай сезишкенин билдирет?
3. Аялдардын айтканына шакирттердин реакциясы кандай болгон? Эмне үчүн алар ошондой реакция кылышкан? Аялдар мындай реакцияны кандай кабыл алышкан?
4. Ыйса шакирттерине эмне болорун көп жолу айткан. Эмне үчүн алар Ага ишенген эмес деп ойлойсуз?
5. Ыйса Өзүнүн тирилгенин биринчи аялдар билүүсүнө жол бергени кызыктуу. Бул эмнени көрсөтөт?
6. Эмне үчүн Петир көргө чуркап барып анын ичине кирген деп ойлойсуз? Петир анын бош экенин көргөндө ага кандай ойлор келген дейсиз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Ыйсанын тирилүүсү жеке сиз үчүн кандай мааниге ээ?

Ал сиздин жашооңузду кандай өзгөрткөн?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 59-үзүндү: Тирилген Ыйсанын көрүнүшү (Лука 24:33-49)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү

Биз буга чейин күмөн саноо тууралуу сүйлөшкөнбүз. Бул үзүндүдө Ыйса бөлмөдөгү шакирттеринин баарына көрүнүп, аларды таң калтырып коркунучка дуушар кылган. Кээ бирөөлөр алар Ыйсаны кайра көрүүгө кубанган деп ойлошу мүмкүн. Тескерисинче, алар Ыйсаны чындап эле көргөн көздөрүнө ишене алышкан эмес. Алардын күмөн саноосуна негиз бар эле. Алар үч күн мурун башынан эмнени өткөргөнүн ойлонуп көрсөңүз. Лука: «Ыйык Жазууну түшүнүшү үчүн Ыйса алардын акылын ачты», – деп жазат (45-аят). Ыйса аларды ынандырат, ошентип алар акыры Ал чындап тирүү экенине ишенишкен.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса аларга көрүнгөндө биринчи эмне деп айткан? Ал эмнеге бул сөздөрдү айтты деп ойлойсуз?
3. Лука шакирттер алгач Ыйсаны элес деп ойлогонун жазат. Алар эмне үчүн ошондой ойдо болгон дейсиз?
4. Эч ким үнүн чыгарып айтпаса да, Ыйса алар Аны элес деп ойлоп жатканын билген. Ыйса алардын эмнени ойлоп, сезип жатканын билгени Ал тууралуу кандай кабар берет?
5. Ыйса алардын коркунучтарына жана күмөн саноолоруна кандай жооп берет? Ал чындап тирүү экенин ырастоо үчүн шакирттерин эмне кылууга шыктандырат?
6. Эмнеге Машайак жөнүндө бардык пайгамбарлыктар Анда аткарылганын түшүндүрүү үчүн, Ыйса шакирттерин Байыркы Келишимдеги Жазууларга кайрылткан деп ойлойсуз? Бул бизге Библиянын маанилүүлүгү жана кадыр-барктуулугу тууралуу эмнени үйрөтөт?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Биз жашообузга келген күмөн саноолорду жеңүү үчүн бул окуядан эмнени үйрөнө алабыз?

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.

Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).

Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# 60-үзүндү: Улуу Тапшырма жана асманга көтөрүлүү (Лука 24:50-53)

Артты карoo

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашоодордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

Жогору карoo

## Киришүү - Сиз Улуу Тапшырманы аткарганга кантип жардам бере аласыз

(Мүмкүн болсо тобуңуздан бирөө Матай 28:16-20ны эне-тилинде окусун).

Ыйсанын Өз жолдоочуларына берген куткарылуу тууралуу кабарды айтуу осуяты Улуу Тапшырма деген аталыш менен белгилүү болуп калган. Ар бир машайакчыга дүйнөнү Машаякка алып келгенге жардам берүү буйругу берилген. Ар бирибиз Анын Улуу Тапшырмасын аткарууга жардам берүүдө Кудай берген маанилүү ролубуз бар.

1-кадам: Үзүндүнү эки жолу көрүңүз.
2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз.
3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.
4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Ыйса Улуу Тапшырмада шакирттерине кандай өзгөчө буйруктарды берет?
3. Бул тапшырма шакирттерге гана тиешелүүбү же бардык ишенүүчүлөргөбү? Эмне үчүн ооба же эмне үчүн жок?
4. Ыйса жолдоочулары катары бизге эмнеге: «Асмандагы жана жердеги бийликтин баары Мага берилген», – деп айткан деп ойлойсуз? Биз башкаларга Машайак тууралуу айтууга жана миссионердик коомчулукту негиздөөгө умтулганда бул эмне үчүн маанилүү деп ойлойсуз?
5. Элчилердин иштери 1:8-9ду окуңуз (Бул Ыйсанын Улуу Тапшырмасы жана асманга көтөрүлүүсү жөнүндө дагы бир окуя). Эмнеге Ыйса шакирттерине алгач Иерусалимден баштагыла деген? Бул эмне үчүн маанилүү болгон? Ыйса аларга андан кийин эмне кылуу керектигин айткан?
6. Элчилердин иштери 1-бөлүмдөн окуган үзүндүгө ылайык, шакирттер жакшы кабарды кимге жеткириши керек эле? Бул Ыйсанын бардык адамдарга карата көз карашы тууралуу эмнени билдирет?
7. Сиздин өлкөңүздөгү жакшы кабарга муктаж адамдардын тобун эстей аласызбы? Сиз кантип аларга БАРЫП Ыйса жөнүндө айткан адам боло аласыз?

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Колдонуу суроосу

Сиз Улуу Тапшырманы аткарууга кантип жардам бере аласыз? Алгач [өзүңүз] Машайакка толук берилгениңизге жана Ыйык Рухка толгонуңузга ынаныңыз. Экинчиден, Кудай сизди жетектесин деп сыйыныңыз. Үчүнчүдөн, Кудай сиздин сыйынууңузга жооп бергенде, кайда БАРАРЫҢЫЗДЫ пландаштырыңыз. Төртүнчүдөн, башка жетилген машайакчылардан үйрөнүңүз. Сиз менен чогуу башкаларга – буга өтө муктаж болуп тургандарга – барып жакшы кабар айта турган дос табыңыз.

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

Алдыны карoo

# 61-үзүндү: Ыйсаны жеке таанууга чакыруу (1 Корунттуктарга 15:1-4)

Артты кароо

## Бири-бирине кам көрүү

- Бири-бири үчүн сыйынуу
- Жашооңордогу окуяларды бөлүшүү (ден-соолук маселеси, үй-бүлө, руханий муктаждыктар, спорт, ж.б.)

## Чогуу кубануу

- Ыр, аспаптар, бий же күбөлүктөр менен
- Табынуу

## Тобуңар жана бири-бириңер үчүн көрүнүш түзгүлө

- Ыйсанын жакшыраак жолдоочулары болуу үчүн
- Коомчулугубузду Кудайга жакындатуу үчүн

## Берүү жана бөлүшүү

- Кудай сизге башкаларга жардам берүү үчүн берген көрүнүктүү нерсени бериңиз

---

Жогору кароо

## Киришүү - Сиз машайакчы экениңизге кантип толук ишене аласыз?

«Адегенде өзүм кабыл алып, анан силерге жеткирген ошол жакшы кабарды ток этер жери мындай. Ыйык Жазууда убада кылынгандай Машайак биздин күнөөлөрүбүз үчүн курман болгон. Анын көргө коюлуп, үчүнчү күнү тирилери да Ыйык Жазууда алдын ала айтылган» (1 Корунттуктарга 15:3-4 КЫКК).

Ыйса Жерде жашап кеткен көп кылымдардан бери миллиондогон адамдар Машайакты жашоосуна чакырышкан. Кээ бирөөлөр куткарылганына толук ишене албагандыктан муну кайра-кайра кылышкан. Алар Машайактын жанында болуусуна, бүгүн өлүп калса Теңирдин жанына бейишке барарына толук ишене алган эмес. Сиз куткарылганыңызга ишенесизби? Машайакка арналуу бул үч нерсени тең: акыл-эсти, сезимдерди жана эркти камтырын билели.

1-кадам: Машайакты кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн түшүнүү үчүн үзүндүнү эки жолу көрүңүз

2-кадам: Топтун мүчөсүнөн үзүндүдөгү окуяны өз сөзү менен айтып берүүсүн сураныңыз

3-кадам: Топко окуяны толуктоого жана тууралоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

4-кадам: Талкуулоо үчүн суроолор.

1. Бул окуядан сизге баарынан эмне жакты? Сиздин көңүлүңүздү эмне бурду?
2. Сиз үчүн күнөө деген эмнени билдирет? Ыйса сиздин күнөөңүз үчүн кантип баа төлөгөн?
3. Машайакчылык жашоону сезимдер менен эмес, ишеним менен өткөрүү керек. Машайакчылык жашооңузда сезимдер кайсы орунду ээлейт? Сезимдер кантип жана качан адаштырышы мүмкүн?
4. Сиз куткарылганыңызга толук ишенгениңиз эмне үчүн маанилүү деп ойлойсуз?
5. Тобуңуз менен Ыйсаны кантип таанып калганыңыз тууралуу баянды бөлүшүңүз.

Телефонуңуздан үзүндүнү көрүү үчүн бул кодду колдонуңуз. Башка тилдер «ЫЙСА» тасмасынын сайтында жеткиликтүү

## Корутунду

Машайакчы экениңизге толук ишенүү үчүн төрт негизги чындыкты билишиңиз керек:

1. Кудай сизди сүйөт жана анын сиздин өмүрүңүз үчүн укмуштуу ой-максаты бар.
2. Адам күнөөкөр, ошондуктан ал Кудайдан ажыраган. Мына ушул себептен адам баласы Кудайды да, Анын ой-максаттарын, сүйүүсүн да таанып биле албайт.
3. Ыйса Машайак – күнөөдөн арылуу үчүн Кудай берген жалгыз жол. Кудайдын сүйүүсүн жана бизге тиешелүү ой-максатын биз Ыйса аркылуу гана таанып биле алабыз.
4. Биз Ыйса Машайакты Куткаруучубуз жана Эгебиз деп кабыл алышыбыз керек. Ошондо Кудайдын сүйүүсүн жана биз үчүн болгон ой-максатын таанып биле алабыз.

Бул үзүндүнү дагы бир жолу көрүңүз. Эгер буга чейин куткарылганыңызга эч качан толук ишенбеген болсоңуз, ушул жолу үзүндүнү көрүп жатып, ишенимдүүлүк менен Ыйсаны кабыл алып сыйыныңыз. Эгер Ыйса Машайакты Куткаруучуңуз жана Теңириңиз катары кабыл алсаңыз, Анын Сөзүндөгү убадага ылайык машайакчы экениңизге толук ишенсеңиз болот.

---

Алдыны кароо

## Колдонуу

Тобуңарда Кудай силердин кандай жооп кыларыңарды күтөрүн бөлүшкүлө.
Окуяны бири-бириңерге айтып машыккыла (2-кадамдан баштап).
Бүгүнкү окуяны башкалар менен бөлүшүп, топтун кийинки жолугушуусуна келүүгө чакыргыла.

Сыйынуу
- Кудайга бүгүнкү үйрөнгөн нерселер үчүн ыраазычылык келтирүү.
- Тобубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.
- Коомубуздагы башкалар үчүн сыйынуу.

# Ыйсаны таанып билүү

Жаңы миссионерлик коомчулугуңузду негиздөө
v6.5

Jesus Film Project®
A Cru Ministry

Knowing Jesus